# Дүйнө кече, бүгүн жана эртең

بسم الله الرحمن الرحيم

# Дүйнө кече, бүгүн жана эртең…

Ар бир эл, улут, дин жана мамлекетке мүмкүнчүлүк, күч-кудурет жана бийлик берилет, алар өз мөөнөттөрүн өтөп тарыхка айланат. Алар мүмкүнчүлүгүн, күч-кудуретин, бийлигин каерде жана кандай иштеткендиги тууралуу Жараткандын алдында баарына жооп беришет. Бул Алланын түзгөн мыйзамы.

Ар бир акылдуу адам, эл жана мамлекет басып өткөн доорго назар таштап, андагы бардык иштерди күзөтүп, жакшыларынан үлгү алып, аларды бүгүнкү күнүнө колдонушу керек, колдоно албаганын эртеңки күн үчүн өз алдына максат кылып коюшу керек о.э. аны турмушка ашыруу үчүн аракет кылышы керек. Адамзат турмушу мына ушундай.

Алыскы-жакынкы тарыхта өткөн коомдорду, түзүмдөр менен өкүмдарларды көңүл коюп үйрөнсөк, Кудайдын мыйзамдары менен жашабагандар «токой мыйзамын» колдонгону маалым болот. Т.а. алар өз каалоолорун ишке ашыруу үчүн күчтүүлөрү күчсүздөрүнүн үстүнөн өкүм жүргүзгөндүгү, байлары кембагалдарынын үстүнөн күн көргөнү, бар болгон максаттары байлык арттыруу болгону белгилүү болот. Алардын доору максаттары сыяктуу кыска болуп, тарыхта кара так болуп калган.

Өткөн тарыхка кайтып, Ислам дини, Ислам Үммөтү, Ислам Мамлекети өз доорун кандай өткөргөнүн күзөтсөк жана көңүл коюп үйрөнсөк, ал 13 кылым бою турмуштун бардык тармагында караңгылыкты жарык кылып, күн сыяктуу нур болгондугунун күбөсү болобуз. Ислам Мамлекети дүйнөдө жетекчи мамлекет болуп турган убакта, анын туусу астында болгон жарандар эле эмес, балким, башка мамлекет жарандары да о.э. айбанаттар дүйнөсү, өсүмдүктөр дүйнөсү, айлана–чөйрө, табияттагы бардык нерселер анын адилеттүү түзүмү себептүү гүлдөп өскөн жана бейпил, жыргал турмуштан пайдаланышкан. Капыр мамлекеттер оюна келген бузукулуктарын Ислам Мамлекетинен корккондугу үчүн бардык жерде ашкере кыла алышкан эмес. Ислам Мамлекети бардык мамлекеттер менен, жарандар менен алып барган саясий иштеринде, согуштарында, фатхтарында Алланын буйругун аткаруу үчүн жалаң акыйкат жана адилеттүүлүк менен иш жүргүзгөн. Анын максаты байлык ашыруу, бузукулук кылуу, жер талашуу болгон эмес. Ислам Мамлекетинин жана мусулмандардын күч–кудурети, азиздиги алардын ар дайым Ислам динине канчалык жакындашканына, аны турмушта кандай колдонуп жатканына байланыштуу болгон. Ага жакындашса, аны туура ишке ашырышса, күч-кудуретүү, азиз болушкан. Андан алысташышса, аны бузуп ишке ашырышса, күчсүздөнүп кор болгон. Капырлардын бузук диндерине канчалык жакындашышса, ошончолук кор, күчсүз болушкан, андан канчалык узакташышса, ошончолук улуу жана кудуреттүү болушкан. Анткени, Ислам дини хидаят, билим жана маданият булагы болуп, ал –

адамзатты адилеттүүлүккө, бактылуу турмушка, турмуштун бардык тармагында улуу өнүгүүгө жетелөөчү илахий туура жол. Өзүнүн илахий диндигин жоготуп, бутпарастык менен жана инсаний пикирлер, каалоолор, мыйзамдар менен аралашып кеткен яхудийлик жана христиандык диндери адашуунун жана наадандыктын булагына айланган болуп, ал – адамзатты адилетсиздикке, бактысыздыкка, турмуштун бардык тармагында калактыкка түшүрүүчү шайтаний жол.

Исламий Халифалык Мамлекети Осмоний түрктөрүнүн колунда болгон кезде, алар Исламды туура түшүнүп, туура колдонгон учурларында – куду хулафаи рошидиндер, уммавийлер жана аббасийлер доорунда болгону сыяктуу – Ислам Мамлекети жеңилгис, кудуреттүү мамлекет катары даңкы чыккан. Кийинчерээк Исламды туура түшүнүүдөн анча алыстап, аны жакшы колдоно албаган кезде «кесел киши» атын алган жана күчсүздөнгөн. Ошол доордо Европадагы капыр мамлекеттер өздөрүнүн бузук диндеринен узакташып, бутка тура башташкан. Адилет-акыйкаттын кудуреттүү таянычы болгон Халифалык Мамлекетинин алсызданып калганынан пайдаланып, Европанын капыр мамлекеттери аны жок кылуу үчүн бир жерге топтолуп, Вестфалияда 1648-жылы өз ара келишим түзүшкөн. Көптөгөн урунуулардан кийин, акыры 1924-жылы аны жок кылышты. Ошентип, XIII кылымдан көбүрөөк убакыт бою Алланын мыйзамы боюнча адилет, нур жана хидаят менен жетекчилик кылган Халифалык Мамлекети өз ордун убактылуу капыр мамлекеттерге жана адам түзгөн түзүмдөргө бошотуп берди. Ошол күндөн баштап, капыр малекеттер жана адам түзгөн түзүмдөр өз доорун сүрө башташты. Алар өз доорунун биринчи күнүнөн баштап эле жер, байлык талашып, бири-бирин жырткыч айбандардай кемире башташты. Натыйжада, адамзат тарыхында эч качан болуп көрбөгөндөй Биринчи дүйнөлүк согуш келип чыкты. Биз анын кеңири баяндамасына киришмекчи эмеспиз. Толук маалымат алмакчы болгондор, мейли, ошол капырлар жазган тарых китептерине кайрылышсын. Кийин согуштан түшкөн олжолорго каниет кылбастан, дагы жаңжалдашуулардын жана саясий иштердин натыйжасында, арадан жыйырма беш жыл өтүп, экинчи дүйнөлүк согуш келип чыкты. Биз бул согуштун да кеңири баяндамасына киришмекчи эмеспиз. Толук маалыматка ээ болууга кызыккандар, ошолордун китептерине же тирүү тарых болгон ата-бабаларына кайрылышсын.

Адатта жаңы цивилизация дүйнөгө келип, турмушка кеңири камтуу менен колдонулганда, же дүйнөлүк согуш болуп өткөндө дүйнө картасы өзгөрөт, эл аралык саясат жана эл аралык экономика жаңыча көрүнүш алат. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин да, мына ушундай абал болуп өттү. Америка жетекчи мамлекетке айланды. СССР, Англия, Франция жана Кытай ири мамлекеттер катары өз позицияларын бекем ээлешти. Бул мамлекеттер дүйнө картасын өзгөртүштү. Эл аралык экономиканы жана эл аралык саясатты башкарууну колго алышты. Бул мамлекеттер дүйнө жетекчилиги

жана ээленген мүлктөр колдон кетпеши үчүн о.э. дүйнө жетекчилиги дагы кайрадан адилет-акыйкаттын таянчы болгон Халифалык мамлекетине өтүп кетпеши үчүн БУУ, НАТО сыяктуу мамлекеттер ара эл аралык уюмдарды түзүштү. Алар жер жүзүнүн башка мамлекеттерин ыктыярдуу же мажбурлуу түрдө ушул уюмдарга мүчө кылып, өз чеңгелинде кармап турушат. Азыркы күндө түрдүү мүнөздөргө ээ болгон 3 миңге жакын эл аралык уюмдар бар. Алар мамлекеттер аралык жана өкмөт карамагында болбогон эки негизги топко бөлүнөт. Мамлекеттер ара эл аралык уюмдарга жалаң мамлекеттер, ал эми, өкмөт карамагында болбогон эл аралык уюмдарга өкмөткө тийиштүү болбогон улуттук ассоциациялар, коомдор, бирикмелер, ал тургай, айрым жеке адамдар мүчө болушу мүмкүн. Мүчөлөрүнүн санына карай универсалдык, регионалдык, субрегионалдык жана башка эл аралык уюмдар болот. Мүчөлөрүнүн курамына карай, жалпы жана бир типтеги эл аралык уюмдар бар. Эл аралык мамилелерде мамлекеттер ара эл аралык уюмдар маанилүү рол ойнойт. Мамлекеттер ара эл аралык уюмдардын ичинен айрыкча БУУ өзгөчө орун ээлейт. Ага дүйнөдөгү дээрлик бардык мамлекеттер мүчө.

Мына ушул БУУ кандай уюм? Андан ким пайдаланат жана кандай пайдаланат? Бул сыяктуу суроолорго жооп берүү үчүн төмөндө оболу БУУнун аныктамасын беребиз, БУУну түзгөн мамлекеттер жөнүндө айтабыз. Кийин бир аз кыскача түшүндүрмө берип өтөбүз.

«Акылга ишара жетиштүү» дегендей, түшүндүрмөлөр кыскача берилди. Толук маалыматка ээ болуу кадырлуу окурмандын өз аракеттерине, изденүүлөрүнө калтырылды.

**Бириккен Улуттар Уюму (БУУ)** – жер жүзүндө тынчтыкты бекемдөө жана коопсуздукту камсыздоо, мамлекеттердин өз ара кызматташтыгын өнүктүрүү максатында 1945-жылы түзүлгөн эл аралык уюм. БУУну түзүү жөнүндөгү токтом 1943-жылы СССР, АКШ, Англия жана Кытай тышкы иштер министрлеринин Москвадагы кеңешинде кабыл алынган. БУУнун уставына алгач 51 мамлекет кол койгон болсо, азыркы күндө алардын саны 200дөн ашып кетти. БУУнун туруктуу иш орду – Нью-Йорк. БУУ, уставда көрсөтүлгөндөй, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо, элдердин тең укуктуу болушу жана өз тагдырын өзү белгилөө принцибине таянып, улуттар арасында достук мамилелерди өнүктүрүүнү, экономикалык, социалдык, маданий проблемаларды чечүүдө элдер ортосунда кызматташтыктын болушун камсыздоону көздө тутат. Ушул жалпы максаттарга жетишүүдө улуттардын иш-аракеттерин ылайыкташтырып тура турган борбор болуп эсептелет. БУУ өз мүчөлөрүнүн суверен-теңдигине негизделет. БУУ мамлекеттердин ички иштерине аралашпайт. Уставда бекитилген бардык милдеттенмелерди (мажбурияттарды) өз мойнуна ала турган мамлекеттер БУУга мүчө боло алат. Жаңы мүчөлөр Коопсуздук Кеңешинин сунушуна ылайык, Башкы Ассамблеянын токтому менен кабыл алынат. БУУнун мүчөлөрү эл аралык чыр-чатактарды тынч жолдор менен чечүүлөрү зарыл. Устав принциптерин дайыма бузуп турган

мамлекет, Коопсуздук Кеңешинин сунушуна ылайык, Башкы Ассамблея токтому менен БУУ мүчөлүгүнөн чыгарылат. БУУнун негизги органдары: Башкы Ассамблея, Коопсуздук Кеңеши, Экономикалык жана Социалдык кеңеш, Васийлик Кеңеши (Совет по опеке), БУУнун алдындагы Эл аралык сот жана БУУ секретариаты. БУУнун секретариаты Башкы секретарь жана башка кызматчылардан турат. Азыркы учурда Башкы секретарлык кызмат ордунда Пан Ге Мун иштеп турат. Башкы секретарды Коопсуздук Кеңешинин сунушына ылайык Башкы Ассамблея беш жыл мөөнөткө дайындайт. Башкы секретарь ар жылы БУУнун иши тууралсында Башкы Ассамблеяга эсеп-чот берип турат. Секретариат кызматчыларын Башкы секретарь дайындайт. Секретариаттын милдети – БУУнун жана анын органдарынын нормалдуу иштешин камсыздоо, Башкы Ассамблеянын жана БУУнун башка органдарынын токтомдорунун иш жүзүндө аткарылышына жардам берүү. Секретариат департаменттер жана башкармалыктарга бөлүнөт: Саясий маселелер жана Коопсуздук Кеңешинин иштери департаменти, экономикалык жана социалдык маселелер департаменти, васийлик жана өзүн-өзү башкара албай турган территориялар департаменти, көзөмөлдөөө башкармалыгы, кадрлар башкармалыгы, башкы секретардын административдик башкармалыгы, конференцияларга кызмат кылуу башкармалыгы, социалдык маалымат башкармалыгы, жалпы кызмат башкармалыгы, БУУнун Женева бөлүмү. БУУнун сессиясы бир жылда бир жолу чакырылат. Коопсуздук Кеңешинин же БУУнун мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн талабы менен ар кандай маселе жүзөсүнөн атайын сессиялар чакырылышы мүмкүн. БУУнун расмий тилдери: англис, француз, испан жана кытай тилдери болуп, англис, француз, испан тилдеринде иш жүргүзүлөт.

*Түшүндүрмө: Жогоруда айтылып өтүлгөн аныктама – БУУга карата аны түзгөн мамлекеттердин (Америка, СССР, Англия, Франция жана Кытай) берген аныктамасы. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бүткүл дүйнө мамлекеттерин ушул беш мамлекет өз ара бөлүшүп алышты. Дүйнө пайдаларынан пайдалана турган алтынчы шерик мамлекет пайда болуп калбаш үчүн, дүйнөнүн бир да мамлекети бул беш мамлекеттин үлүшүнө айланбастан, алардын эч биринин сөзүнө кирбей, өзүнчө эгемендүү пикирге, системага ээ болгон мамлекетке айланып кетпеши үчүн бул беш мамлекет ушул БУУ уюмун – мамлекеттерди ой-боюна койбой, мажбурлап кул кылып бере турган «тузакты» – өз ара келишип, түзүп алышты. Аныктамада келтирилген «жер жүзүндө тынчтыкты бекемдөө жана коопсуздукту камсыздоо» сыяктуу жалтырак сөздөр анын чыныгы маңызынан бейкабар карапайым адамдарды тузакка илинтүү үчүн эле айтылган. Негизинен, бүткүл дүйнөдө болуп жаткан согуштарды, чыр-чатактарды ушул беш мамлекет бири-бирин күчсүздөндүрүү үчүн, же биринин үлүшүн экинчиси тартып алуу үчүн колония кылынган мамлекеттерде козгоп чыгарышат. Бирок, өз ара келишкендиктери боюнча,*

*бири-бири менен өз мамлекетинде согушушпайт. Дүйнө мамлекеттери алардын чеңгелинде болушу үчүн, алардын кулуна айланышы үчүн, аларга бир нече милдеттенмелерди жүктөшөт. Мисалы, өз системасын демократиялык негизге куруу, эркин базар экономикасына өтүү, алар айткандай реформаларды өткөрүү, ядро таркатпоо келишимине кошулуу, алар мамлекеттер үчүн белгилеп койгон мамлекеттик чегара системасын бекем кармоо, алар үчүн БУУ белгилеп берген экономикалык, социалдык маселелерди ишке ашыруу ж.б. Эгер алар милдеттенмелерди аткарууга кудурети жетпесе, күчсүздөрдү васийлик кеңешине киргизишип, жетим баладай аталыкка алышат. Эгер кайсы бир мамлекет алар жүктөгөн тапшырма-милдеттенмелерге көнбөсө, алар биргеликте ага карата жырткычтарча какшаткыч жаза-чараларын колдонушат.*

БУУ бүткүл дүйнө үстүнөн кандай иш жүргүзөт, аларга кандай милдеттенмелерди жүктөйт, анын максаттарын кайсы орган кандай ишке ашырат, булар жөнүндө төмөндө оболу ошол органдарга алардын берген мүнөздөмөлөрүн келтирип, кийин кыскача түшүндүрмөсүн айтып өтөбүз:

1. **БУУнун Коопсуздук Кеңеши** – БУУнун негизги органы. Анын мойнуна элдер ортосунда тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо жоопкерчилиги жүктөлгөн. Ал – БУУнун бардык мүчөлөрү үчүн аткарылышы МАЖБУРИЙ болгон токтом чыгаруу укугуна ээ жападан-жалгыз орган. Тынчтыкка жана коопсуздукка кооп салышы мүмкүн болгон чыр-чатакты текшерүү иштерин да алып барат. Абалдын курчушуна жол койбоо максатында тийиштүү чараларды сунуш кылат. Тараптар бул сунуштарды аткарбаганда, темир жол, деңиз жана аба жолдорун, почта, телеграф, радио жана башка байланыш түйүндөрүн бүтүндөй үзүү же бир бөлүгүн үзүү о.э. дипломатиялык жана экономикалык байланыштарды токтотуу чараларын көрүү укугуна ээ. Элдер ортосунда тынчтыкты сактоого жогорудагы чаралар да жетиштүү болбосо, анда куралдуу күчтөрдү ишке салууга акылуу. Бул укук бир гана БУУнун Коопсуздук Кеңешине берилген. Ал беш туруктуу (АКШ, СССР – азыр Россия, Англия, Франция, Кытай) жана эки жыл мөөнөт менен Башкы Ассамблеяда шайлана турган он убактылуу мүчөдөн турат. БУУнун Коопсуздук Кеңеши ар айда Кеңеш жыйындарында кезек менен жетекчилик кылат. БУУнун бул органы үчүн анын туруктуу мүчөлөрүнүн бир пикирге келүүчүлүк принциби жана вето укугу чоң мааниге ээ. БУУнун Коопсуздук Кеңеши БУУга жаңы мүчөлөр кабыл алуу жөнүндө сунуш кылат. БУУнун васийлик милдеттерин ишке ашырат. БУУнун башкы секретарын шайлоо жөнүндө Башкы Ассамблеяга сунуш кылат. Башкы Ассамблея менен бирге эл аралык соттун мүчөлөрүн шайлайт. Башкы Ассамблеяга жылдык жана өзгөчө докладдар жасайт. Аскердик штаб комитети, куралдануу комиссиясы, эксперттер комитети, жаңы мүчөлөр кабыл алуу комитеттери Коопсуздук Кеңешине эсеп-чот берип туруучу жардамчы органдар болуп эсептелет. БУУнун бул негизги органына түшүндүрмө берүүнү бир аз кийинкиге калтырабыз.

БУУнун башка органдары ушул негизги органдын пландарын, максаттарын ишке ашыруучу жардамчы органдар болуп эсептелет. Алардын аныктамаларын жана аларга байланыштуу түшүндүрмөлөрдү келтирүү бул негизги органды баян кылып берүүчү баяндамалардын катарына кирет.

**2. БУУнун Экономикалык жана Социалдык кеңеши** – БУУнун негизги органдарынын бири. Экономикалык, социалдык, маданият, илим-билим, саламаттыкты сактоо тармактарында эл аралык маселелер жүзөсүнөн изилдөөлөр өткөрөт, докладдар түзөт, эл аралык конференциялар чакырат, өз укуктарынын алкагындагы маселелер жүзөсүнөн конвенциялардын долбоорлорун даярдайт. БУУнун адистештирилген мекемелеринин иш-аракетин координациялоо менен экономикалык жана социалдык маселелер жаатындагы Башкы Ассамблеянын сунуштарын ишке ашыруу иштерин алып барат. Кеңештин 27 мүчөсү бар. Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Кеңеш ар жылы эки жолу кезектеги сессияга топтолот. Кеңештин туруктуу комитеттери (өнөр-жай өнүгүү комитети, өкмөттөн тышкаркы уюмдар комитети, турак-жай маселеси, курулуш жана пландаштыруу комитети ж.б.) жана функционалдык комиссиялары (статистика комиссиясы, калк комиссиясы, социалдык комиссия, адам укуктары комиссиясы ж.б.) бар. Кеңештин атайын органдары: Кеңейтилген техника жардамы программасы, БУУ балдар фонду (ЮНИСЕФ), БУУнун атайын фонду ж.б. Мындан тышкары, Европа үчүн Экономикалык комиссия, Азия жана Ыраакы Чыгыш үчүн Экономикалык комиссия, Латын Америкасы үчүн Экономикалык комиссия, Африка үчүн Экономикалык комиссиялар Кеңештин ишине жардам берип турат.

*Түшүндүрмө: БУУнун органдарынын ичинен негизгилерден болгон бул орган дүйнө мамлекеттерин экономикалык, социалдык, маданият, илим-билим, саламаттыкты сактоо иштери боюнча башкарат, көзөтөт жана Башкы Ассамблеянын ушул тармактар боюнча дүйнө мамлекеттери үстүнөн чыгарган токтомдорун мажбурлап ишке ашыртат. Булардын ар биринин түшүндүрмөсү төмөндө өз-өзүнчө келтирилет. Булардан тышкары, бул орган бир нече иштерди алып барат:*

*а) «Өнөр жай өнүгүүсүн» башкарат. Ал БУУ ар бир мамлекет үчүн белгилеген өнөр жай тармагын көзөмөлдөйт. Т.а. кайсы мамлекетке оор өнөр жай, кайсынысына аскердик өнөр жай жана кайсы бирине жеңил өнөр жай жана дагы кайсы бирине айыл чарбачылыгы белгиленген мына ушуну көзөмөлдөйт. Жеңил өнөр жай же айыл чарба иштери менен алектенүүсү белгиленген мамлекетти оор өнөр жай жана аскердик өнөр жай иштерин кылуудан тосот.*

*б) «Курулуш жана пландаштыруу» маселелерин көзөмөлдөйт жана башкарат т.а. жеңил өнөр жай же айыл чарбачылыгы менен алектенүүсү белгиленген мамлекеттин оор өнөр жай, аскердик өнөр жай иштеп чыгара*

*турган заводдорду курушуна, аларды пландаштырышына; ушул өнөр жайды иштеп чыгара турган заводдорду курушуна, аларды пландаштырышына; ушул өнөр жайды иштеп чыгарууга алып бара турган окуу жайларды, лабораторияларды курушуна жана пландаштырышына бүтүндөй тыюу салат.*

*в) «Статистика жана калк» маселелеринин үстүндө иш алып барат. Т.а. дүйнө мамлекеттеринде канча калк бар, алар кайсы улутка тиешелүү, кайсы территорияда жашайт, алардын диний этикаттары кандай, кайсы улут менен достук-душмандык мамилелери бар ж.б.у.с. маалыматтарды Башкы Ассамблеяга жана Коопсуздук Кеңешине тапшырат. Алар бул маалыматтардан саясий максаттарда, өз кызыкчылыктары үчүн согуш жана чыр-чатактарды келтирип чыгарууда, экономикалык маселелерде пайдаланышат.*

**3. Бириккен Улуттар Уюмунун Европа үчүн Экономикалык Комиссиясы** – БУУнун экономикалык жана социалдык Кеңешине караштуу экономикалык уюм. 1946-жылы түзүлгөн. Негизги милдети – Европа мамлекеттеринин экономикасын өнүктүрүү, алардын ортосунда экономикалык мамилелерди бекемдөө о.э. Европа мамлекеттери менен башка континенттеги мамлекеттердин арасында экономикалык мамилелерди кеңейтүү. Комиссиянын жогорку органы – жалпы сессия; адатта жылына бир жолу чакырылат, аткаруу органы – секретариат. Штаб квартирасы Женевада (Швецария).

**4. БУУнун Азия жана Ыраакы Чыгыш үчүн Экономикалык Комиссиясы** – БУУнун экономикалык жана социалдык кеңешине караштуу эл аралык уюм. Ал 1947-жылы түзүлгөн. Анын негизги милдети Азия жана Ыраакы Чыгыш мамлекеттеринин айыл арбасын өнүктүрүүгө, алардын арасында экономикалык мамилелерди бекемдөөгө жана башка континенттеги мамлекеттер менен экономикалык кызматташтыкты кеңейтүүгө жардамдашуу. Комиссиянын жогорку органы – жалпы сессия, адатта жылына бир жолу чакырылат. Аткаруу органы – секретариат. Штаб квартирасы Бангкокто (Таиланд).

**5. БУУнун Африка үчүн Экономикалык Комиссиясы** – БУУнун экономикалык жана социалдык кеңешине караштуу эл аралык уюм. 1958-жылы түзүлгөн. Анын негизги милдети – Африка мамлекеттеринин эл чарбачылыгынын өнүгүшүнө, алардын арасындагы экономикалык байланыштарды бекемдөөгө жана башка континенттердеги мамлекеттер менен экономикалык кызматташтыкты кеңейтүүгө жардамдашуу. Комиссиянын жогорку органы – жалпы сессия, адатта эки жылда бир жолу чакырылат. Аткаруу органы – секретариат. Штаб квартирасы Аддис-Абебада (Эфиопия).

**6. БУУнун Латын Америкасы үчүн Экономикалык Комиссиясы** – БУУнун экономикалык жана социалдык кеңешине караштуу уюм. 1948-жылы түзүлгөн. Негизги милдети – Латын Америкасы мамлекеттеринин экономикалык өнүгүшүнө, алардын өз ара жана башка континенттердеги мамлекеттер менен экономикалык мамилелерин бекемдөөгө көмөктөшүү. Комиссиянын жогорку органы – жалпы сессия, адатта эки жылда бир жолу чакырылат. Аткаруу органы – секретариат. Штаб квартирасы Сантьягодо (Чили).

**7. БУУнун соода жана өнүгүү маселелери боюнча иш алып баруучу конференциясы** – БУУ Башкы Ассамблеясынын туруктуу уюму. Ал 1964-жылы түзүлгөн. Негизги милдети түрдүү мамлекеттердин экономикалык өнүгүшүнө эл аралык сооданы өнүктүрүү жолу менен көмөктөшүүдөн турат. БУУга же анын адистешкен уюмдарына мүчө болгон мамлекеттер ушул уюмга да мүчө боло алат. Конференция үч жылда бир жолу чакырылат. Сессиялар аралыгындагы мезгилде анын милдеттерин соода жана өнүгүү маселелери боюнча иш алып баруучу кеңеш аткарат. Кеңештин бир нече жардамчы комитеттери да бар. Бул комитеттердин токтомдорун ишке ашыруу үчүн туруктуу секретариат түзүлгөн. Штаб квартирасы Женевада (Швейцария).

**8. БУУнун азык-түлүк жана айыл чарбачылык уюму (ФАО - FAO)** – БУУнун алдындагы эл аралык уюм. Ал 1945-жылы түзүлгөн. Негизги милдети – азык-түлүк ресурстарын көбөйтүү жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө жардам берүү. ФАО уставынан келип чыга турган милдеттенмелерди өз мойнуна алган ар бир мамлекет анын мүчөсү боло алат. Өзүн-өзү башкара албай турган территориялар болсо кызматташ мүчө катары кабыл алынат. Жогорку жетекчи органы – ага мүчө болгон мамлекеттердин өкүлдөрүнүн Башкы конференциясы, адатта эки жылда бир жолу чакырылат. Конференциялар аралыгындагы убакытта уюмдун ишин Башкы Кеңеш көзөмөлдөйт. ФАО органдарынын токтомдорун ишке ашыруу үчүн туруктуу секретариат түзүлгөн. Ага конференцияда шайлана турган Башкы директор жетекчилик кылат. Штаб квартирасы Римде (Италия).

*Түшүндүрмө: БУУнун бул органдары жөнүндө түшүндүрмө берүүдөн мурда оор өнөр жай, жеңил өнөр жай жана айыл чарбачылыгы жөнүндө бир аз токтолуп өтүү зарыл. Мамлекетти байыта турган биринчи негизги тармак – бул оор өнөр жай.*

*Оор өнөр жай – өндүрүш каражаттарын, эмгек куралдарын (машиналар, двигателдер, механизмдер) жана эмгек предметтерин (чийки сырьё, материал, жанылгы) иштеп чыгаруучу өнөр жай тармактарынын жыйындысы. Оор өнөр жайга казып чыгаруу тармактары, кайра иштетүү оор өнөр жайынын бир нече маанилүү тармактары, электро-энергетика,*

*кара жана түстүү металлургия, курулуш материалдары тармактары өнөр жайы, химия, жыгачты кайра иштетүү өнөр жайы кирет. Оор өнөр жайдын негизи – машина куруучулук. Иштеп чыгаруу (өндүрүш) каражаттары бир гана оор өнөр жайда эмес, балким, башка тармактарда да даярдалат, бирок, оор өнөр жай иштеп чыгаруучу күчтөрдүн өнүгүшүндө чечүүчү роль ойнойт. Себеби, иштеп чыгаруу куралдарын бир гана оор өнөр жай иштеп чыгарат. Эл чарбасынын бардык тармактарындагы техниканын өнүгүшү оор өнөр жайдын өнүгүү даражасы менен өлчөнөт жана ал коомдук эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө негиз жаратат о.э. мамлекеттин аскердик кудуретин камсыздайт. Кеңейтилген кайрадан иштеп чыгаруу мыйзамы иштеп чыгаруу каражаттарын, айрыкча, оор өнөр жайды тездик менен өнүктүрүүдөн турат.*

*Оор өнөр жайдын тармактары: авиация, автомобиль, трактор, комбайн, станок куруучулук, атом, электрон, аэрокосмика, металлургия, машина куруучулук ж.б. Оор өнөр жай эл чарбасынын бардык тармактарында, техниканын өнүгүшүнө о.э. жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетишүүдө, эл жыргалчылыгын үзгүлтүксүз ашырып барууда, мамлекеттин эмгек, экономикалык эгемендүүлүгүн камсыздоодо негиз болуп саналат.*

*Капиталистик мамлекеттердин ичинен АКШ, Германия, Япония, Улуу Британия, Франция, Италияда оор машина куруучулук продукциялары көп иштеп чыгарылат. Мурунку социалистик мамлекеттерден СССРдин Россия бөлүгүндө, Чехияда, Польшада, Венгрияда, Румынияда, Болгарияда оор машина куруучулук продукциялары иштелип чыгарылат.*

*Оор өнөр жайдагы зарыл продукциялар: электр энергиясы, нефть, газ, көмүр, чоюн, болот, кара металлдар, трубиналар, металл кесүүчү станоктор, автомобилдер, тракторлор, экскаваторлор, электр көпүрө крандары, ийрүүчү машиналар, кемелер, жез, коргошун, цинк, боксит, алюминий, магний, титан, уран, фосфорит, алтынкүкүрт, цемент ж.б.*

*Авиация өнөр жайы – машина куруучулук өнөр жайынын бир тармагы. Авиация өнөр жайы самолётторду, вертолётторду, авиация двигателдерин жана башка авиация үчүн керектүү жабдууларды иштеп чыгарат. Авиация граждандык жана аскердик авиацияга бөлүнөт. Авиация өнөр жайы АКШ, Англия, Франция, Россия, Италия жана Германияда жакшы өнүккөн.*

*Аскердик өнөр жай мамлекеттин күч-кудуретин белгилөөчү негизги тармак болуп эсептелет. Өнөр жайын аскердик негизге курбастан, оор өнөр жай, машина куруучулук өнөр жайы негизине курган мамлекет бай мамлекет болушу мүмкүн, бирок, кудуреттүү мамлекет боло албайт. Мамлекеттин кудурети дүйнө сахнасында таасирге ээ болушу анын аскердик өнөр жайын канчалык өнүктүргөндүгүнө байланыштуу. Азыркы замандагы өнүккөн аскердик өнөр жайдын продукциялары: авианосецтер, ядро жана термо ядро куралдары, реактивдүү самолёттор, ар түрдүү типтеги вертолёттор, континенттер аралык баллестикалык ракеталар, атом жана водород бомбалары, химиялык жана биологиялык куралдар, космостук куралдар жана булардан башка жаңы аскердик техникалар.*

*Аскердик өнөр жайы жогору даражада өнүккөн мамлекеттер: АКШ, Россия, Улуу Британия, Франция жана Кытай мамлекеттери.*

*Жеңил өнөр жай – чийки сырьёнун ар түрдүү түрлөрүнөн кеңири пайдаланылуучу буюмдарды иштеп чыгарууга адистештирилген жана бири-бири менен өз ара байланышкан өнөр жай тармактарынын жыйындысы. Жеңил өнөр жайда пахта, зыгыр, кенеп буласы (волокно), жут сыяктуулардан, жаныбарлардын териси, жүн, синтетикалык була, булгаары чийки сырьё катары пайдаланылат. Жеңил өнөр жайына чийки сырьёну биринчи ирет иштетүү, жип кездеме, жүн, шайы токуу, кенеп-жут, трикотаж, тигүүчүлүк, булгаары бут кийим, токумачылык, аттарчылык, кийиз, кебез, баалуу тери, тери аштоо, синтетика, кайыш, ичик жана тон тигүү д.у.с. тармактар кирет. Жеңил өнөр жайдын жаңы түрлөрүнүн бири – чыны буюмдарын иштеп чыгаруу. Жеңил өнөр жай кеңири керектелүүчү товарлардан тышкары, эл чарбасынын көп тармактары үчүн керектүү продукцияларды: нооту (сукно), мебелбап кездемелер, керзалар, кайыш лепталар, балык кармоо үчүн иштетиле турган торлор ж.б. иштеп чыгарат.*

*Жеңил өнөр жай мурдагы социалисттик мамлекеттерден: СССР, Польша, Кытай, Болгария, Румыния, ГДР, Чехословакия, Венгрияда; капиталисттик мамлекеттерден: АКШ, Англия, Япония, Франция жана Италияда өнүккөн.*

*Жеңил өнөр жай мамлекетти кудуреттүү да, бай да кылбайт о.э. өнүккөн мамлекет да кылбайт. Тескерисинче, өнөр жайы, машина куруучулук өнөр жайы өнүккөн мамлекеттин жеңил өнөр жайы да өнүккөн болот.*

*Айыл чарбасы – материалдык иштеп чыгаруунун негизги тармактарынын бири, дыйканчылык жана чарбачылык продукцияларын жетиштирип берет. Айыл чарбасы элдин азык-түлүк продукцияларына, өнөр жайдын чийки сырьёлорго болгон талаптарын кандырат. Айыл чарбачылыгы дыйканчылык (дан, жашылча, мөмө-жемиш өстүрүүчүлүк ж.б.у.с.) жана мал чарбачылык тармактарын өз ичине алат, буларды биргеликте туура кошуп алып баруу материалдык ресурстардан жана эмгек ресурстарынан өнүмдүү пайдаланууга мүмкүнчүлүк жаратат.*

*Айыл чарбасы мамлекетти өнүктүрбөйт, кудуреттүү мамлекетке да айландырбайт, тескерисинче, мамлекетти чийки сырьё базасына айландырып, өнөр жайы өнүккөн мамлекетке көз каранды өлкөгө айландырат.*

*Оор өнөр жайы, машина куруучулук өнөр жайы өнүккөн мамлекеттин айыл чарбасы да өнүгөт. Андай болбосо, ал мамлекет калак болот. Айыл чарбасынын өнүгүшү оор өнөр жайга тыгыз байланышкан.*

*Төмөндө БУУ дүйнө мамлекеттерин кандай вазыйпаларга бөлүштүргөнүн жана аларга кандай милдеттенмелер жүктөгөнүн көрүп чыгабыз:*

*1) Америка, Россия, Англия, Франция, Кытай өнөр жайдын бардык түрү: аскердик өнөр жайдын бардык түрү, авиация өнөр жайынын бардык түрү, оор өнөр жай, машина куруучулук, жеңил өнөр жайлары жана айыл чарбачылыгынын бардык түрлөрү менен иштөө укугуна ээ. Ошондой эле,*

*алардын мойнуна продукцияларды иштеп чыгып, аскердик өнөр жайдын айрым түрлөрүн жана калган өнөр жайдын продукцияларын дүйнөнүн башка мамлекеттерине жеткирип берүү жана алар менен соода кылуу милдети жүктөлгөн.*

*2) Европа мамлекеттери аскердик өнөр жайдын жалаң коргонуу үчүн зарыл болгон өлчөмдөгү ядросуз, аба мейкиндигине тиешеси болбогон, континенттер аралык баллестикалык ракеталардан башка түрүн жана өнөр жайдын бардык түрүн: оор өнөр жайын, машина куруучулук өнөр жайын, жеңил өнөр жайын о.э. бардык түрдөгү айыл чарбачылыгын иштетүү укугуна ээ. О.э. алардын мойнуна башка мамлекеттерге ушул продукцияларды жеткирип берүү жана алар менен соода кылуу милдети жүктөлгөн.*

*3) Азия жана Ыраакы Чыгыш мамлекеттери аскердик өнөр жайын, оор өнөр жайын, машина куруучулук өнөр жайын иштетиши мүмкүн эмес. Алар жеңил өнөр жайдын кээ бир түрлөрүн жана негизинен, айыл чарбачылыгын о.э. айыл чарбачылыгына зарыл болгон пахта терүүчү машина, жер айдоочу трактор сыяктуу машина куруучулук өнөр жайынын кээ бир түрлөрүн гана иштетүү укугуна ээ. Алардын мойнуна башка мамлекеттерге айыл чарба продукцияларын жана чийки сырьё жеткирип берүү, алар менен соода кылуу жүктөлгөн.*

*4) Африка мамлекеттери аскердик өнөр жай, оор өнөр жай, машина куруучулук өнөр жайын иштетиши мүмкүн эмес. Алар кээ бир жеңил өнөр жайын жана айыл чарбасын иштетүү укугуна гана ээ. Алардын мойнуна башка мамлекеттерге айыл чарба продукцияларын о.э. өнөр жай чийки сырьёсун жеткирип берүү жана ушулар негизинде соода кылуу милдети жүктөлгөн.*

*5) Латын Америка мамлекеттери аскердик өнөр жайды, оор өнөр жайды, машина куруучулук өнөр жайын иштетиши мүмкүн эмес. Алар жеңил өнөр жайдын чийки сырьёлорун даярдап берүү укугуна ээ. Аларга жеңил өнөр жай жана айыл чарбачылыгы менен алектенүү о.э. ушул продукцияларды башка мамлекеттерге жеткирип берүү, алар менен ушул нерселер негизинде соода кылуу милдети жүктөлгөн.*

*Жогорудагы милдеттерди ишке ашыруучулар – БУУнун Европа үчүн экономикалык комиссиясы, БУУнун Азия жана Ыраакы Чыгыш үчүн экономикалык комиссиясы, БУУнун Африка үчүн экономикалык комиссиясы, БУУнун Латын Америкасы үчүн экономикалык комиссиясы жана БУУнун азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун органдары.*

*Мамлекеттердин иштеп чыгарган продукцияларына баа белгилөөчү жана алардын соодасына жетекчилик кылуучу орган – БУУнун соода жана өнүгүү маселелери менен иш алып баруучу конференциясы.*

БУУнун белгилегени боюнча жана анын жетекчилиги аркылуу дүйнө мамлекеттери арасында болуп жаткан экономикалык жана соода иштери туурасында бир канча мисалдар:

Америка Кошмо Штаттары чет мамлекеттерден, негизинен, араб мамлекеттеринен өзү үчүн керек болгон нефтинин 51%ин сатып алат. Бул үчүн араб мамлекеттерине 51 млрд. 330 млн. доллар төлөйт жана өзүнүн базарларында аны 389 млрд. 310 млн. долларга сатат, натыйжада, бир жылда 338 млрд. 980 млн. доллар нак пайда көрөт.

Англия өзү үчүн керек болгон нефтинин 99%ин четтен, негизинен, араб мамлекеттеринен сатып алат, натыйжада, жылына 150 млрд. доллар нак киреше алат.

Франция өзүнө керек болгон нефтинин 75%ин четтен, негизинен, араб мамлекеттеринен жана Ирандан сатып алат. Жылына 113 млрд. доллар нак киреше алат.

Италия да мунайдан жылына 150 млрд. доллар нак киреше алат.

Германия болсо, жылына 106 млрд. 845 млн. доллар нак киреше алат.

Бул мамлекеттер нефтинин бир тоннасын 115 доллардан сатып алышат, өз базарларында болсо, бир тонна нефтини 878 долларга сатышат, сатып алууда да, сатууда да бааны бир гана алар белгилейт. Бул эсепке нефтиден дагы 100дөн ашык продукция иштеп чыгарылышын кошуп, өзүңүз эсептеп көрүңүз! Бардык араб мамлекеттери жана Иран бир жылда нефтиден 110 млрд. 246 млн. доллар киреше алат, аны алып кеткен Европа мамлекеттери жана Япония 840 млрд. 628 млн. доллар нак киреше алат.

Дагы бир мисал: Түштүк Африка Республикасындагы жана Намибиядагы о.э. Африкадагы ири бриллиант кендеринин бардыгы Англиянын башкаруусунда. Англия алардан чийки сырьё катары ит бекер баада алып, иштетип, жасалгалап жүз эселеген кымбатка сатат. Бир жылдын өзүндө Түштүк Африка 10,2 млн. карат, Намибия 1,01 млн. карат бриллиант казып чыгарган.

Дагы бир мисал: Өзбекстан айыл чарбачылыгы үчүн ажыратылган республика, территориясы 447 400 км$^2$. Калкынын саны 25 млн. киши. Жылдык кирешесинин анык маалыматы атайын эч жерде берилбеген... Жетиштирген пахтасын чигитинен ажыратып дүйнө базарында сатса, бир жылдык кирешеси 1 млрд. доллардын айланасында болот. БУУ тарабынан азыркы учурда бир тонна пахта буласына 800 доллар баа коюлуп жатат. Кыргызстан – айыл чарбачылыгы үчүн ажыратылган республика, территориясы 198 500 км$^2$. Калкы 5 млн. киши. Жылдык кирешеси 8,4 млрд. доллар. Азыркы учурда республиканын негизги тармагы болгон мал чарбачылыгында 4 млн. кой бар, эгер ар бир койду орточо 30 кг. дан эсептеп бирин да калтырбай, дүйнө базарына алып барып сатса, ашып кетсе 300 млн. доллар болот. Ал эми Бельгия оор өнөр жай, машина куруучулук өнөр жайы менен алектениши мүмкүн деп ажыратылган мамлекет. Территориясы 30 507 км$^2$. калкы 11 млн. киши. Жылдык кирешеси 181,5 млрд. доллар.

Кыргызстан, айрыкча Өзбекстан табигый казылма байлыктарга кен мамлекет. Аларда Менделеевдин мезгилдик жадыбалында келтирилген элементтердин дээрлик бардыгы бар. Бирок, алар өнөр жайы өнүккөн мамлекеттерге чийки сырьё базасы кылынып, айыл чарбачылыгы менен алектенүүгө мажбур кылынат. Салыштырып көрүңүз, Бельгиянын территориясы Кыргызстандан 6,5 эсе, Өзбекстандан болсо 14,5 эсе кичине. Бельгиянын табигый байлыктары Кыргызстандын да, Өзбекстандын да табигый байлыктарынан аз. Ал эми, жылдык кирешеси Кыргызстандыкынан 21,5 эсе көп. Өзбекстандыкынан да бир нече эсе көптүк кылат.

Дагы бир мисал: Территориясы 8,5 млн. км$^2$ калкы 150 млн. кишинин тегерегинде болгон Бразилия өтө чоң пайдалуу казылмалар запасына ээ. 100 млрд. тонна темир рудасы, 265 миң тонна уран, 100 млн. тонна марганец, 21 млрд. тонна көмүр о.э. боксит, түстүү металл, бриллиант, күмүш, алтын, нефть, жана башка казылма байлыктары бар. Ошол эле учурда, 40 млн. бразилиялыктар өтө начар турмуш кечирет. Бразилиянын тышкы карызы 200 млрд. доллардын айланасында.

Элүү беш мамлекеттен турган Африка материгинин калкы 750 млн. киши. Территориясы 30,3 млн. км$^2$. Бардык казылма байлыктардын үлкөн запасына о.э. укмуштуу климат жана жаныбарлар дүйнөсүнө ээ болгон бүткүл Африка континентинин жылдык кирешеси 485 млрд. 829 млн. доллар.

Жыйырма алты мамлекеттен турган Латын Америкасынын территориясы 21 млн км$^2$. Калкы 476 млн. киши. Казылма байлыктардын үлкөн запасына, керемет климатка, токой чарбачылыгына, айбанаттар дүйнөсүнө ээ болгон бул континенттин жылдык кирешеси 2 трлн. 815 млрд. доллар.

Территориясы 9,373 миң км$^2$. калкы 280 млн. киши болгон АКШ мамлекетинин жылдык кирешеси 6,7 трлн. доллар. Территориясы 244 миң кв. км. калкы 60 млн. киши болгон Англиянын өзүнөн чыккан пайдалуу казылмалары өз муктаждыгына жетпейт. Нефтинин 99%ин четтен алып келет, бирок, ушул бир гана нефтинин өзүнөн бир жылда 150 млрд. доллар пайда алат. Анын бир жылдык кирешеси 1,045 трлн. доллар.

Калкы 58 млн. киши, территориясы 551 000 км$^2$. болгон Франция мамлекетинин жылдык кирешеси 1,08 трлн. доллар.

Бул сыяктуу мисалдардын тизмеси улантсак узара берет. Ушул жерде табигый бир суроо пайда болот, жери кичине, пайдалуу казылма байлыктары аз болгон Европа мамлекеттери, Америка жана Япония эмне үчүн мынчалык даражада бай? Ушул эле учурда жери чоң, пайдалуу казылмаларга бай Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери өзүн бага албай турган даражада кембагал, ач-жылаңач жана төлөй албай турган даражада карызга баткан?

Жооп: Мунун себеби биринчи кезекте азыркы күндө өкүмдар болгон капиталисттик системага жана анын дүйнө мамлекеттеринин үстүнөн жүргүзгөн башкаруу системасына барып такалат. Капиталисттик системанын бул системаны ишке ашыруучу куралы – БУУ. Бул башкаруу

системасы жакшыраак түшүнүктүү болуш үчүн төмөндө кээ бир мисалдарды келтирип өтөбүз:

1) Европа мамлекеттери аскердик өнөр жай, оор өнөр жай, машина иштеп чыгаруучу өнөр жай жана жеңил өнөр жай менен алектенип, чыгарылган продукциясына өздөрү каалаган бааны белгилешет. Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери өтө чоң пайдалуу казылма байлыктарына ээ болушса да, аларга аскердик өнөр жайды, оор өнөр жайды, машина куруучулук өнөр жайын иштетүүгө тыюу салышат жана анын ордуна аларды айыл чарбачылыгы менен алектенүүгө мажбур кылышат. Алардын пайдалуу казылма байлыктарын чийки сырьё абалында өздөрү баа белгилеп, ит арзан сатып алышат о.э. айыл чарба продукцияларына да өздөрү баа коюшуп, муну да ит бекер сатып алышат, ордуна болсо, өздөрүнүн өнөр жайларында иштеп чыгарышкан продукцияларын, өздөрү баа коюп, астрономиялык баада мажбурлап өткөзүшөт.

Салыштыруу үчүн: 1 кг. пахтаны 80 цент, жогорку сапаттагы 1 кг. жүндү 78 цент баада сатып алышат, ушул экөөсүнөн Францияда токулган костюм-шымдын Дубай сыяктуу шаарларынын эркин базарындагы баасы 660 доллар. 1 тонна нефтини 115 долларга сатып алышып, 878 долларга сатышат. Темир рудаларын, түстүү металлдарды чийки сырьё түрүндө ит арзан сатып алышып, андан автомобиль жана самолёт иштеп чыгарып, миң эсе кымбатка сатышат. Бир эле автобус үчүн 86 гектар жерден чыккан пахта же 1800 кой, же болбосо, 782 тонна нефть сатуу керек болот.

2) Европа мамлекеттери казылма байлыгы чоң жана нефть запасы көп болгон Азия жана Африка мамлекеттеринде жасалма согуштарды чыгарышат, натыйжада, өздөрүнүн аскердик өнөр жайында иштеп чыгарылган курал-жарак, ок-дарыларды өздөрү белгилеген асмандатылган баада сатып, ордуна чийки сырьё продукцияларын өздөрү каалаган баада алышат жана аларды карызга батырып жиберишет. Салыштыруу үчүн: Танкка каршы иштетиле турган бир даана курал 100 миң доллар. Бир даана танк 1 млн. доллар. Ал эми, буга канчалаган чийки сырьёлорду сатып алышат? Жарыша куралдануу күчөгөн жылдары АКШ аскердик өнөр жайы үчүн көп каражат жумшады, бир эле 1988-жылы 291 млрд. доллар сарп кылды, иштеп чыгарылган продукцияларынын чоң бөлүгүн (массалык кыргын салуучу курал болбогондорун) үчүнчү дүйнө мамлекеттерине асмандаган баада мажбурлап сатты жана ордуна арзыбаган баада чийки сырьё алды. Дүйнөдөгү согуш жүрүп жаткан мамлекеттер Европа мамлекеттеринин аскердик өнөр жай продукцияларынын кирешелүү базарлары болуп калат. Алар туруктуу базарлар үчүн жаңы-жаңы согуштарды келтирип чыгарышат.

3) Европа мамлекеттери келишип алып, өз акчаларын туруктуу кармап турушат жана үчүнчү дүйнө мамлекеттеринин акчаларын жасалма түрдө инфляцияга учуратышат. Максат – чийки сырьёну дагы да арзан баада

алып кетүү, ал мамлекеттерди карызга батырып, ар дайым өз колониясында сактап калуу. Буга кошумча, ал мамлекеттердин чийки сырьёлорун жасалма түрдө, мисалы, «керектөөдөн ашыкча» деген сыяктуу сөздөрдү таркатуу менен анын баасын арзандатышат. Мисал үчүн, 3-4 жыл мурун 1 тонна пахтанын баасы 1600 доллар эле, 1 доллардын өзбек сомуна салыштырмалуу баасы болсо 160 сомго тең эле, азыркы учурда болсо, 1 тонна пахтанын баасы 800 доллар, 1 доллардын өзбек сомуна салыштырмалуу баасы болсо 1000 сомдон жогору.

4) Европа мамлекеттери өздөрүнүн жийиркеничтүү, карасанатай капкан болгон экономикалык системаларын, «акционердик коомун» үчүнчү дүйнө мамлекеттерине мажбурлап өткөзүшөт, менчиктештирүү мыйзамын ишке ашырышып, жогорудагы мамлекеттердин менчик акцияларын сатып алышат, андан соң, андан түшкөн таза пайданы өз мамлекеттерине алып чыгып кетишет.

**9. БУУнун Васийлик кеңеши** – БУУнун васийлик системасына кошулган территориялардын башкарылышын көзөмөлдөй турган, Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөсү болуп, бирок, васийликтеги территорияларды башкарбай турган, васийликти ишке ашыруу үчүн Башкы Ассамблеяда үч жыл мөөнөткө шайланган мамлекеттерден түзүлгөн уюм. Васийлик кеңеши 1946-жылы декабрда БУУнун биринчи сессиясында түзүлгөн. БУУ Уставынын 87-беренесине ылайык, Васийлик кеңеши васийликке алган бийликтин жылына бир жолу бере турган эсеп-чотун о.э. васийликтеги территориялардын элинен түшкөн өтүнүч жана талаптарды көрүп чыгат. Васийликке алынган территорияларга барып, милдеттенмелердин аткарылышын көзөмөлдөйт ж.б. Васийлик кеңеши өз иш-аракетин Башкы Ассамблеянын жетекчилиги жана көзөмөлүндө алып барат. ВКде маселе көпчүлүктүн добушу менен чечилет. Азыркы учурда васийлик системасында Жаңы Гвинея жана «васийлик астындагы стратегиялык территориялар» деп жарыяланган Тынч океанынын аралдары эле калган. Башкаруучу бийлик – АКШ.

*Түшүндүрмө: Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери – БУУ тарабынан жүктөлгөн мажбуриятттарды өз моюндарына алган жана ал милдеттенмелерди аткара турган кул мамлекеттер. Алардын кожоюндары БУУну түзгөн беш мамлекет: Америка, Англия, Россия, Франция жана Кытай. Васийлик системасындагы территориялар болсо, жогорудагы кожоюндарынын тапшырмаларын сөзсүз аткара турган, мойнуна милдеттенме ала албай турган, коргоого муктаж «жетим кулчалар».*

**10. БУУнун Адам Укуктары Декларациясы** – БУУнун уставында жарыя кылынган декларация. Декларация элдер ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү, адам укуктарын урматтоо жана аларды толук ишке ашыруу, адамдар тумушун жакшыртуу, коомдук өнүгүүнү өнүктүрүүгө жардамдашуу сыяктуу ураандарга негизделген. БУУнун Башкы Ассамблеясында 1948-жылы 10-декабрда кабыл алынган. Ушул

декларацияга ылайык, ар бир адам улуту, жынысы, расасы, табы, тили, динине карабастан, декларацияда жарыя кылынган укук жана эркиндиктерден эч кандай чектөөсүз пайдаланышы керек. БУУнун Адам Укуктары Декларациясына ылайык, ар бир адам кесип тандоо эркиндигине, эмгектенүү жана ага акы алуу, эмгек шарттарын жакшыртууну талап кылуу, жумушсуздукка каршы күрөшүү, инвалиддик жана карылык пенсияларын алуу, дем алуу жана убактылуу ишке жараксыз күндөрүнө каражат акысын алуу ж.б. укуктарына ээ. Декларацияга ылайык, эмгекчилер кесиптик кошуундарды түзүүлөрү жана алардан өз кызыкчылыктарын коргоодо пайдалануулары мүмкүн.

*Түшүндүрмө: БУУнун кандай уюм экендигин, анын түп маңызын, максаттары эмне экендигин билбеген кишилер БУУнун Адам Укуктары Декларациясын, анын асмандап учкан орду жок куру ураандарын окуган, уккан убакта алардын көз алдында, ал адамдарга бакыт-таалай алып келүүчү, жашоону жыргал кылуучу жана бардык балээлерден асыроочу болуп көрүнөт. Ушундай кишилер аны «нур-жарыктык» деп түшүнүп, ага көпөлөктөрдөй умтулушат. Өзү негизи кандай? Адам укуктары эмнелерден турат? Аларды ким белгилейт?*

Адам укуктарын БУУну түзгөн беш мамлекет: АКШ, Англия, Россия, Франция жана Кытай биргеликте келишип-кеңешип белгилейт. Төмөндө алар адамдар үчүн, мамлекеттер үчүн белгилеген укуктардын айрымдары:

1) Дүйнө үстүнөн өкүмдарлык кылууга ушул беш мамлекет укуктуу, башкалардын укугу жок.

2) Мыйзам чыгарууга, эл аралык уюмдарды түзүүгө, мамлекеттерге милдеттенмелер белгилөөгө, тапшырмалар берүүгө ушул беш мамлекет укуктуу, башкалар алардын чыгарган мыйзамдарын ишке ашырууга, алардын берген милдеттенме жана тапшырмаларын аткарууга мажбур.

3) Аскердик өнөр жайдын бардык түрү менен, оор өнөр жайдын бардык түрү менен, машина куруучулук өнөр жайынын бардык түрү менен, жеңил өнөр жайдын бардык түрү менен алектенүүгө ушул беш мамлекет акылуу. Башкалардын буга укугу жок, алар ушул беш мамлекеттин ишканаларына чийки сырьё жеткирип берүүлөрү жана алар белгилеген тармактарда гана иш кылуулары тийиш. Алардын ичинен Европа мамлекеттери аскердик өнөр жайдын ядросуз, континенттер аралык баллестикалык ракеталарсыз бөлүктөрү менен иш алып баруулары мүмкүн, бул да чектелген өлчөмдө жана оор өнөр жай, машина куруучулук өнөр жайы, жеңил өнөр жайынын бардык түрү, айыл чарбасы менен алектенүүгө акылуу. Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин аскердик өнөр жайды, оор өнөр жайды, машина куруучулук өнөр жайын иштетүүгө укугу жок. Алар жеңил өнөр жайын, айыл чарбасын иштетиши шарт, машина куруучулуктун ушул айыл чарбачылыгы үчүн зарыл болгондорун иштетиши мүмкүн.

Кайсы бир мамлекеттин алар белгилегенден башка тармактарды, мисалы, машина куруучулук өнөр жайын, же жеңил өнөр жайды иштетип жатканын

көрсөңүз, көңүл коюп текшерсеңиз, албетте, эки абалдын бири болот: биринчиси, ушул мамлекет БУУ түзүлүшүнөн мурда өнөр жайы өнүгүп үлгүргөн жана азыркы учурда да аны улантып жаткан мамлекет болот; экинчиси, жогорудагы беш мамлекеттин бирине көз каранды болгон мамлекетти экинчи ири мамлекет өз тарабына оодурмакчы болсо, аны кызыктыруу, илинтүү үчүн, жашыруун жолдор менен анын өнөр жайын өнүктүрөт жана өзүнө көз каранды кылып алат.

4) Дүйнөнүн бардык мамлекеттери ушул беш мамлекеттин иштеп чыгарган продукцияларына өз базарларын ачып коюулары шарт.

5) Продукцияларга, чийки сырьёлорго баа белгилөө ушул беш мамлекеттин укугу.

6) Бардык мамлекеттердин конституциялары ушул беш мамлекет белгилегендей, БУУнун Уставына жана резолюцияларына ылайык болушу шарт, болбосо, ал мамлекет мамлекет катары таанылбайт. Ушуга караганда, бардык мамлекеттердин мамлекеттик системасы демократия негизиндеги капиталисттик система, же социалистик система болушу шарт. (Азыркы күндө Ислам мамлекети деп аталган мамлекеттердин мамлекеттик системасынын аты эле Исламий болбосо, өзү капиталисттик система)

7) Алар бардык мамлекеттерге мажбурий көрсөтмөлөрдү берип, демократия негизиндеги, мекенчилдик негизиндеги, улутчулдук негизиндеги жана социалисттик негиздеги партияларды түзүүгө ыктыярдуу-мажбурлуу үндөшөт, түзүлгөн партияларды программалар, жолдонмолор жана материалдык нерселер менен камсыздашат. Максаты – ушундай партиялардын атынан эгемендүүлүк ураанын бийик көтөрүп, өздөрү түзгөн дүйнө картасын өзгөртпөй сактап калуу, мамлекеттердин, элдердин биригип кетишинин алдын алуу жана ушул партиялардын жардам сурап кылган даттарына жооп кылып, алардын мамлекеттерин жылоолоп, колония болгон абалында кармап туруу.

8) Бардык мамлекеттердин мектептердеги, техникум, институт, университет ж.б. окуу жайларындагы таалим-тарбия программалары, окуу колдонмолору БУУнун резолюция-чечимдерине ылайык болушу шарт. Айыл чарбасы үчүн ажыратылган Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин таалим-тарбия программалары бир гана айыл чарба адистери жетишип чыга турган ыкмада болушу шарт, алардын окуу жайларында аскердик өнөр жай, оор өнөр жай, машина куруучулук өнөр жайы адистерин жетиштирип чыгара турган программалардын болушуна бүтүндөй тыюу салынат. Бул сыяктуу программалар бир гана ушул беш мамлекеттин окуу жайлары үчүн чектелген, ошондой эле, кандайдыр бир өлчөмдө айрым Европа мамлекттери үчүн да мүмкүн. Азия, Африка жана Латын Америкасынын жарандары ушул беш мамлекеттин аскердик өнөр жай, машина куруучулук өнөр жайы адистерин жетиштирип чыгара турган жогорку окуу жайларына кабыл алынбайт. Кабыл алынган күндө да, алардын ушул адистик боюнча ушул мамлекеттердин өзүндө иштеши шарт кылынат.

Кези келгенде ушуну атайын белгилей кетүү керек, азыр жер жүзүндө турмуштун бардык проблемаларына өз чечимин бере турган үч система бар, алар: капитализм, социализм жана Ислам. Ислам Мамлекети 1924-жылы капыр мамлекеттери тарабынан жок кылынган. Социализм системасы ийгиликсиздикке учурады. Азырынча эл аралык турмуш майданында капитализм системасы турат. Анын турушу ал туура система болгондугу үчүн эмес, балким, эң туура система – Ислам түзүмүнүн мамлекети азырынча жок болуп тургандыгы үчүн. Ислам Мамлекети турмушка кайтып келер замат, капитализм да, социализм да жана башка адамдар түзгөн системалар да бир күн бутунан тура алышпайт. О.э. алар жогоруда айтып өтүлгөн зулумдарын кыла алышпайт. Ал күнү дүйнө картасы өзгөрөт. Эл аралык экономика, эл аралык саясат Ислам Мамлекетинин адилеттүү башкаруусу астында жаңыча түс алат. Алар ушуну жакшы билгендиктери үчүн Ислам Мамлекетинин кайрадан дагы турмуш майданына келишинин алдын тосуу максатында бар күчтөрү менен жан үрөп тоскоолдуктарды коюшат. Бир тараптан ар түрдүү доомат жана жалааларды токуп чыгарышат, мисалы, Ислам таламын талашкандарды XX кылымда «ваххабисттер», «диний экстремисттер» деп аташкан болсо, Америка башында турган бардык мамлекеттер XXI кылымдан баштап, аларды «эл аралык террористтер» деп атоого келишип алышты. Экинчи тараптан, бардык Ислам өлкөлөрүндөгү мектеп, медресе жана жогорку окуу жайларындагы программаларды «Ислам саясатка аралашпайт, ал – ибаадат, адеп-ахлак жана үрп-адаттардан гана турган дин» деген негизде коюшат жана ушуну катуу көзөмөлдөп турушат. Ошондуктан, ушул программа негизиндеги медреселерден «Ислам саясатка аралашпайт, чыныгы демократия толугу менен Исламда бар, Халифалык отуз жыл гана болот, Аллага намаз окусаң, хадж кылсаң болду калган нерселерден Алла кечире берет» деген сыяктуу ураандарды көтөрүп чыга турган «аалымдар» жетишип чыгат. Жана ушундайларга доктор, шейх, муфтий наамдары берилип, аларды жогорку диний кызмат орундарына коюшат. Диндин чыныгы түп маңызын – анын турмуштун бардык проблемаларына эң туура чечим бере турган саясий система экендигин билгендерди жана ушуга даъват кылгандарды ар түрдүү доомattар, айыптар менен кылмышкер катары камашат.

Жогоруда айтып өтүлгөндөр – ушул беш мамлекет өз ара келишкен абалда дүйнө элдери үстүнөн белгилеген укуктары. Мына ушул анын чыныгы маани-маңызы. Бул маңыздан кабарсыз болгондор БУУнун Адам Укуктары Декларациясындагы негизи жок, алдамчы тузак, тышы жалтырак ураандарды окуп же угуп, тебелеп-тепселген укуктарын тикелеп берүүлөрүн алардан сурап, мамлекеттеринин, жетекчилеринин үстүнөн арызданышат. Натыйжада, өз элин, мал-дүйнөсүн, бары-жогун БУУну түзгөн мамлекеттерге колу-бутунан байлап, кул кылып беришет. БУУнун Адам Укуктары Декларациясы адам укуктарын өз ордуна коюу үчүн эмес,

балким, дүйнө элдерин ушул беш мамлекетке байлап берүү үчүн тузак катарында коюлган. Дүйнөдөгү бардык бактысыздыктардын, согуштардын, балээ-апааттардын, адам укуктарынын тебелеп-тепселенишинин башкы себеби жана булагы – ушул БУУ жана анын органдары. БУУну тан алуу, ага кошулуу, анын көрсөтмөлөрүнө алданып, демократиялык, социалисттик, улутчулдук негизинде партия түзүү өз элине, улутуна, динине, мал-дүйнөсүнө кыянатчылык болуп эсептелет жана бул өзүн-өзү өлтүрүү болот.

Элдердин ортосундагы өтө чоң айырмачылык – кээ бирлеринин кожоюн, башкаларынын кул болушу. Кээ бир Европа мамлекеттериндеги жумушчулардын жылдык маянасы ондогон миң доллар болуп турса, ал эми, Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринде кишилердин иш таба албай кыйналышы, иш тапкандарынын жылдык маянасы бир канча жүз доллардан ашпашы жана кээ бирлеринин, атургай, беш жылдап ошол маянаны да ала албашы, жасалма ачарчылыкка жолугуулары, жүз миллиондогон кишилердин саясий качкындарга айланышы, үй-жай биякта турсун, ал тургай, мекенинен да айрылышы – булардын бүт баары ушул БУУ башкаруусунун «мөмөлөрүнөн».

**11. Бириккен Улуттардын билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча иш алып баруучу уюму (ЮНЕСКО)** – БУУ алдындагы уюм. 1945-жылы түзүлгөн. ЮНЕСКОнун максаты – билим берүү, илим жана маданият тармагында мамлекеттер ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү жолу менен дүйнөдө тынчтык жана коопсуздук болушуна көмөктөшүү. БУУга мүчө болгон мамлекеттер Уставга ылайык, ЮНЕСКОго да мүчө болушу мүмкүн. БУУнун мүчөсү болбогон мамлекеттер уюмга БУУнун экономикалык жана социалдык кеңешинин сунушу менен кабыл алынат, өзүн-өзү башкара албай турган территориялар болсо, кызматташ мүчө катары кабыл алынышы мүмкүн. Жогорку жетекчи органы – ага мүчө болгон мамлекеттер өкүлдөрүнүн Башкы конференциясы (2 жылда бир жолу жыйылат). Жогорку аткаруу органы – жогорудагы мамлекеттердин өкүлдөрү тарабынан шайлана турган 30 кишилик Башкы кеңеш. ЮНЕСКО органдарынын токтомдорун ишке ашыруу үчүн туруктуу секретариат түзүлгөн, ага Башкы конференцияда 6 жылдык мөөнөткө шайлана турган Башкы директор жетекчилик кылат. Штаб квартирасы Парижде. ЮНЕСКО түрдүү мамлекеттерде ар түрдүү илимий жана маданий иш-чаралар өткөрүп турат же бул иштерге жардамдашат. Уюм илимий-популярдуу «ЮНЕСКО курьери» (орус, испан, англис, француз жана араб тирдеринде) журналын ж.б. журнал жана китептерди басып чыгарат.

*Түшүндүрмө: БУУнун бул уюму дүйнө элдери жана мамлекеттеринин үстүнөн билим берүү, илим жана маданият тармактарында башкарууну өз колуна алат жана аны катуу көзөмөлдөйт. Мындан көздөлгөн максат, дүйнө мамлекеттери БУУ тарабынан алар үчүн белгиленген тапшырма жана*

*милдеттенмелерден башка тарапка бурулуп кетпесин т.а. айыл чарбачылыгы үчүн белгиленген мамлекеттердин окуу колдонмолору өнүккөн мамлекеттердин окуу колдонмолору жана илимдери сыяктуу болбосун.*

*Билим берүү, илим жана маданият тармактарынын бардыгы, телекөрсөтүүлөр, радиоуктуруулар алар тарабынан коюлган цензурадан өткөрүлөт. БУУнун чыныгы кебете-кешпирин, жетекчи колонизатор мамлекеттердин саясаттарын ачып таштай турган ар кандай пикир жана жазма булактарга, телекөрсөтүүлөргө, радиоуктурууларга бүтүндөй тыюу салынат. Алар алга сүрүп жаткан маданияттан башка маданияттын жашашына жол коюшпайт, ошондуктан, өздүктү тааныта турган маданияттарга, Исламий маданиятка, ал тургай, бир эле жоолук оронуп жүрүүгө тыюу салышат. Алар басма сөз үстүнөн да күчтүү көзөмөл жүргүзүшөт, бүткүл дүйнө журналисттерин, алардын иш ыкмаларын, тарката турган кабарларын өз калыптарына салышат. Бул үчүн эл аралык журналисттер уюмун түзүшкөн.*

12. **Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттик (МАГАТЭ)** – БУУнун алдында атом кубатынан тынч максаттарда пайдаланууну көздөп түзүлгөн өкмөттөр аралык уюм. БУУнун Башкы Ассамблеясынын токтому негизинде 1954-жылы 4-декабрда түзүлгөн. 1956-жылы сентябр айында Нью-Йоркто болуп эл аралык конференцияда МАГАТЭ уставы кабыл алынды. Устав 1957-жылы 29-июлда күчкө кирди. Агенттик жыл сайын өз ишмердүүлүгү жөнүндө БУУнун Башкы Ассамблеясына докладдар жасайт. МАГАТЭге 107 мамлекет мүчө. Агенттиктин жогорку органы ар жылы чакырыла турган анын башкы конференциясы. МАГАТЭ абдан көп эл аралык  уюмдар менен кызматташат. Негизги милдети атомдук энергия тармагында илимий изилдөө иштерин өркүндөтүү жана атом энергиясынан тынч максаттарда пайдалануу үчүн күрөшүү. Агенттиктин Австрия, Италия ж.б. жайларда илимий изилдөө лабораториялары бар. Конференция, симпозиум, семинар жана кеңештерди өткөрүп турат. Өнүгүп келаткан мамлекеттерге эксперт адистерди жөнөтөт.

*Түшүндүрмө: Атом энергиясы – үлкөн энергия булагы. Андан эки максатта пайдаланылат: биринчиси, тынч максаттарда пайдалануу; экинчиси, аскердик максаттарда пайдалануу. Атом жанылгысы кычкылтексиз герметикалык түрдө күйө берет. Андан планеталар аралык учууларда жана суу астында пайдаланууга болот. Атом жанылгысы түтүн чыгарбайт жана аз жай ээлейт. Атом жанылгысынын концентрациясы чоң. Ошондуктан, мындай жанылгы менен самолёттор жерге конбостон бир нече суткалап учушу мүмкүн, деңизде кемелер узакка сүзүп жүрүшү мүмкүн. Атом энергиясынын запастары түгөнгүс. Атом – электр энергиясын иштеп чыгарууда да негизги булак болушу мүмкүн. Бир эле АЭС ондогон ТЭС жана ГЭСтер бере турган электр энергиясын берет. Атомдук энергиядан тынч максаттарда пайдалануу мамлекеттин оор жана жеңил*

*өнөр жайын өнүктүрүүдөгү маанилүү факторлордун бири болуп эсептелет. О.э. ал мамлекетти бай мамлекетке айландыра турган себептердин бири. Атомдук энергиядан аскердик тармакта пайдалануу мамлекетти кудуреттүү мамлекетке айландырат. Бүгүн атомдук энергиядан назарий (теориялык) жактан пайдалана ала турган бир нече мамлекеттер бар. БУУну түзгөн беш ири мамлекет андан тынч максаттарда пайдалануу үчүн Европага уруксат берет. Ал эми, Латын Америкасы, Африка жана Азия мамлекеттери үчүн, ал тургай, тынч максаттарда пайдаланууга да уруксат бербейт жана аны катуу көзөмөлдөйт. Андан аскердик тармактарда пайдаланууга өзү жеке ээлик кылууга катуу урунат.*

13. **БУУ алдындагы эл аралык сот** – мамлекеттер аралык укуктук чыр-чатактарды көрүүгө, мамлекеттер тарабынан сот карамагына тапшырылган келишпөөчүлүктөр жаатында мажбурий токтом чыгарууга, БУУнун Башкы Ассамблеясы, Коопсуздук Кеңеши органдарынын өтүнүчтөрү жана БУУнун башка уюмдарынын уруксаты менен укуктук маселелер үчүн консультативдик тыянак чыгарууга укуктуу уюм. Ал 1945-жылы түзүлгөн жана Гаага шаарында жайгашкан. БУУ Уставынын негизинде иш алып барат. Сот 15 мүчөдөн турат, алар Башкы Ассамблея жана Коопсуздук Кеңешинин атайын жыйынында 9 жыл мөөнөткө шайланат.

*Түшүндүрмө: Кайсы бир мамлекет БУУ Уставына амал кылбаса, же БУУнун өзүн тан албаса, же жогорудагы беш мамлекетке карата «Биз да силердей эле адамбыз, эмне үчүн силер кожоюн, биз кул болушубуз керек? Эмне үчүн силер аскердик өнөр жайын, оор өнөр жайын, машина куруучулук өнөр жайын жана жеңил өнөр жайын, айыл чарбачылыгын иштетүүгө толук укуктуусуңар, биз үчүн болсо мүмкүн эмес? Силер атом, водород бомбаларынын үстүндө жаңы-жаңы ачылыштарды жасаңар бул «өнүгүү», «илимдин утуштары» деп аталат. Биз өзүбүздү коргоо үчүн автомат сатып алсак «террорист» аталабыз. Силерге бул укукту ким берди? Биз да силер менен бирдей укукка ээбиз, силер үчүн эмне мүмкүн болсо, биз үчүн да ушул нерсе мүмкүн» деп айтса, жогорудагы беш мамлекеттен түзүлгөн Коопсуздук Кеңеши ал мамлекетти ушул беш мамлекеттен түзүлгөн эл аралык сотко тапшырат жана өкүм чыгарып, бардык тараптан ага иттей асылышат. Өздөрүнө кошуп бүткүл дүйнө мамлекеттерин мажбурлап, бул мамлекет тарапка темир жол, деңиз жана аба жолдорун, почта, телеграф, телефон, радио ж.б. байланыш каражаттарын кандайдыр бир өлчөмдө же бүтүндөй үзүшөт о.э. дипломатиялык жана экономикалык мамилелерди үзүшөт. Эгер бул мамлекет өз сөзүнөн кайтып, алардын бутуна жыгылбаса, алар биргелешип куралдуу күчтөрүн ишке салышат.*

Жогорудагы беш мамлекет БУУ уюмун 1945-жылы түзүп, андан 1961-жылга чейин биргеликте өнүмдүү пайдаланышты. 1961-жылдан баштап, Америка жана мурунку СССР жашыруун тил бириктиришип, дүйнөнү өз ара бөлүштүрүп алышты. Калган шериктерин мүмкүн болушунча майдандан четке сүрүштү. Социалисттик блок, кийин мурунку СССР ыдырагандан

кийин дүйнөнү башкаруу жалгыз Американын колуна өттү т.а. дүйнө бир уюлдуу дүйнөгө айланды. Ушундан тартып Америка БУУну эскилиги жеткен капкан катары бир четке сүрүп койду жана азыр өз билгениндей текебердик менен, баскынчылык менен дүйнөнү башкарууда. Зарылдык туулса, Америка керек деп билсе, «эски капкандан» айрым учурларда пайдаланууда.

Латын Америкасы, Азия жана Африка мамлекеттерине өз элинин кызыкчылыктарын ойлобой турган, элинен ажыраган, БУУнун резолюцияларын сөзсүз ишке ашыра турган, БУУну түзгөн беш мамлекеттин бирине өз мамлекетин, элин кул-колония кылып бере турган, бийлик-байлык үчүн эли-жерин саткан адамдар жетекчи болуп дайындалышат. Бул беш мамлекет жетекчи боло турган адамдарды өз окуу жайларында атайын даярдашат. Даярдыктан өткөндөрдүн талапкерлигин көтөрүп, жасалма шайлоолор аркылуу аларды мамлекет башчысы кылып коюшат. Шайлоолорду кылдат күзөтүшөт жана натыйжаларды өздөрү каалагандай калыпка салып, «эл тарабынан шайланды» деп, эл тизгинин да өз колдоруна алышат. Мисалы:

1. Марокконун королу Хасан II 1952-жылы Франциянын Бордо шаарындагы университеттин юридикалык факультетин бүтүргөн.
2. Иордания Хашимийлер королдугунун так мураскору Хасан ибн Талал Англиянын Харроу мектебинде жана Оксфорд университетинде таалим алган.
3. Иордания Хашимийлер королдугунун королу Хусайн бин Талал Англиянын Харроу мектебинде жана Сандхёрстте королдук аскерий академиясында билим алган.
4. Яман Араб республикасынын премьер-министри Абдул Гани 1962-жылы Американын Колорадо университетин бүтүргөн. Экономист.
5. Египеттин тышкы иштер министри, премьер-министрдин орун басары Абдул Мажид Париж университетинде окуган.
6. Малайзия тышкы иштер министри Абу Хасан Умар Великобританиянын Гулл университетинде окуган.
7. Бин Али Зайн-ал-Абидин Тунис республикасынын президенти. Аскердик окуу жайын аяктап, Америка жана Францияда атайын даярдыктан өткөн.

Бул тизмени улай берсек абдан узун, бирок, азыр ушуну менен чектелебиз. Калгандары тууралуу кеңири маалыматка ээ болууну, Орто Азия жетекчилеринин каерлерде окугандыктарын, кандай даярдыктардан өтүшкөндүктөрүн билүүнү урматтуу окурмандын өзүнө калтырабыз.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн мамлекеттер ортосундагы эл аралык уюмдардын дагы бири – НАТО. Төмөнкү саптарда НАТОго аныктама берип, аны түзгөндөр жөнүндө айтып, анан кыскача түшүндүрмө беребиз.

НАТО – (North Atlantic Treaty Organization - NATO) Түндүк Атлантикалык келишим уюму. Социалисттик мамлекеттерге, улуттук азаттык

кыймылдарына каршы каратылган аскерий-саясий союз. АКШнын демилгеси менен түзүлгөн. Бул альянсты түзүү үчүн, 1949-жылы 4-апрелде АКШ, Улуу Британия, Франция, Бельгия, Нидерландия, Люксембург, Канада, Италия, Португалия, Норвегия, Дания, Исландия мамлекеттеринин өкүлдөрү тарабынан Вашингтондо келишимге кол коюлду жана ал ошол эле жылы 24-августтан тарта күчүнө кирди. Түндүк Атлантика келишиминин 5-беренесинде, уюмдун мүчөсү болгон бир же бир нече мамлекетке аскердик чабуул болгон кезде, НАТОнун башка мүчөлөрү зарыл деп тапса, куралдуу күчтөрдү ишке салуу жолу менен жардам көрсөтүү мүмкүндүгүнө токтом кылынган.

Түндүк Атлантика блогунун жогорку органдары – жылына эки жолу чакырыла турган НАТО кеңешинин сессиясы жана аскердик пландаштыруу комитети. Кеңештин сессиясында НАТОго мүчө болгон мамлекеттердин тышкы иштер министрлери жана күн тартибине карай коргонуу, финансы, экономика министрлери катышат. НАТО кеңешине даярдыкты жана бардык күндөлүк иштерди Башкы секретарь жетекчилигиндеги серетариат амалга ашырат. НАТОнун штаб-квартирасы Брюсселде (Бельгияда) жайгашкан.

НАТОго мүчө болгон мамлекеттердин сарп каражаттары улам артып барууда. Бул каражаттар 1949-жылы 18,7 млрд. долларды, 1966-жылы 82 млрд. долларды, 1969-жылы 106,4 млрд. долларды, 1973-жылы 120 млрд. долларды, 1974-жылы 132 млрд долларды, 1975-жылы 149,3 млрд. долларды түзгөн, бул каражаттардын 75%тен көбүрөөгү НАТОдо өкүмдар позицияга ээ болгон АКШнын мойнунда. Азыр НАТО өз мүчөлөрүнүн санын жыл сайын көбөйтүп барууда. Ошондуктан, анын аскердик каражаттары да жүз миллиарддаган долларларга көбөйүп барууда. Мисалы, НАТОго мүчө болгон Европа мамлекеттери 2002-жылы коргонуу үчүн 140 млрд, АКШ болсо 380 млрд. доллар сарптоону долбоорлоштурду. НАТОго кирген мамлекеттердин куралдуу күчтөрү НАТО Бириккен куралдуу күчтөрүн түзөт. АКШ, Улуу Британия, Канада, Германия, Бельгия, Нидерландия, Италия, Түркия жана башкалардын кургактыктагы кошуундары, аскердик-аба күчтөрү Бириккен куралдуу күчтөрдүн ыктыярына берилген. Согуш жана аскердик машыгуу кездеринде ушул мамлекеттердин аскердик-деңиз бөлүктөрү да НАТОнун ыктыярына тапшырылат.

НАТОнун жогорку аскердик органы – аскердик пландаштыруу комитети аскерий жетекчи органдарга тиешелүү болгон маселелерди о.э. Бириккен куралдуу күчтөрдүн курулуш жана андан пайдалануу маселелерин чечет, аскердик блоктун стратегиялык концепциясын тастыктайт, НАТО мамлекеттеринин ар биринин аскердик иш-чараларда катышуу үлүштөрүн белгилейт ж.б. НАТОнун жогорку аскердик аткаруу органы – аскердик комитет. Комитеттин курамына блокко катышуучу мамлекеттердин башкы штаб башчылары кирет. Комитет НАТОнун аскердик стратегиясын жана стратегиялык пландарын иштеп чыгат. Бириккен куралдуу күчтөр курулушунун жол-жоболорун белгилейт. Эл аралык бириккен штаб аскердик комитетке моюн сунат. Аскердик комитеттин кеңештери

аралыгында комитет тарабынан кабыл алынган токтомдордун аткарылышын күзөтүүнү жана көзөмөлдөөнү НАТО мамлекеттеринин башкы штабдарынан турган туруктуу аскердик комитет ишке ашырат. НАТОнун консультативдик органы – ядролук коргонуу комитети, жумушчу органы болсо – Бириккен куралдуу күчтөрдүн ядролук куралды колдонуу маселелерин иштеп чыгуу менен алектенүүчү ядролук пландаштыруу группасы. НАТОнун Жогорку Башкы Командачылыгына АКШнын генералдары дайындалат.

ТҮШҮНДҮРМӨ: дүйнө үстүнөн өкүмдар болуп турган күчтөр дүйнөнү дагы да өз чеңгелинде бекемирээк кармап туруу үчүн НАТО сыяктуу эл аралык уюмдарды түзүштү, муктаждык туулса жаңыларын түзүшүүдө. Америка НАТОну түзүүдө, негизинен, төрт нерсени максат кылган: биринчи, Европа мамлекеттеринин жетекчилигин колго алып, дүйнө үстүнөн өкүмдар болуу; экинчи, социалисттик мамлекеттерди эл аралык саясий майдандан сүрүп чыгаруу жана акыр-акыбетте аны бүтүндөй жоготуу о.э. анын мүлкүнө ээлик кылуу; үчүнчү, өз колониясы болуп турган Латын Америкасындагы, Африка жана Азиядагы мамлекеттерди колониячылыктан куткарбай кармап туруу, алардын баш көтөргөндөрүн тезинен биргеликте ырайымсыз басуу; төртүнчү, капитализм, социализм жана демократия түзүмдөрүн жоготуп, дүйнөнү алардын зулумунан куткара турган, дүйнөнү адилеттүүлүк менен башкара турган Халифалык Мамлекетинин дагы кайрадан тикеленишинин алдын алуу.

*Америка ушул капиталисттик блокту түзүп, Европа мамлекеттеринин үстүнөн жетекчиликти колго алды, анын жардамында бардык пикирий, саясий жана аскерий жолдорду ишке салып, чындыгында эле, социализмди турмуш майданынан жогото алды. Өзүнүн мурунтан колониясы болуп келген мамлекеттерди өз чеңгелинде кармап туруунун да өтөсүнөн чыгууда. Мунун үстүнө, социализм блогун талкалоо менен анын башчысынан ал ээлик кылган колонияларды да тартып алды. Бирок, анын алдында чыныгы коркунуч т.а. адилеттүүлүктүн элчиси, дүйнөнүн куткаруучусу болгон Халифалык мамлекетинин тикеленүү коркунучу саат сайын күчөп барууда. Ошондуктан, ал катуу алдастап калды. Бул коркунучтун алдында анын бардык куралдары, пикирий, саясий күрөштөрү, эл аралык уюмдары, айла-амалдары, тескери үгүттөрү пайда бербей калды. Ал акыркы куралын – аскердик куралын иштетүү үчүн жан үрөп урунууда. Бул коркунучтун улам жакындашып жатканын анык билген соң, анын алдында ушул күнгө чейин топтолгон күчтөрү арзыбаган бир нерсе экенин билгенден кийин, кошумча күч топтоо үчүн НАТОго жаңы-жаңы мүчөлөрдү тарта баштады. Ал да жетишсиз экендигин билип, «терроризмге каршы күрөш» ураанын астында бул коркунучка каршы бүткүл дүйнөнү бир сапта турууга бар үнү менен чакырууда. Америка өзүнүн шайтаний максаттары жолунда дүйнө элдерин акмак кылууда. Напис-каалоолорун кандыруу жолунда НАТОго мүчө мамлекеттердин жарандарын,*

*солдаттарын негизсиз уруштарга тыгып, канга бөлөөдө, мүлктөрүн ысырап кылууда. Согуш жүрүп жаткан мамлекеттердин күлүн көккө сапырууда. Косоводо, Афганистанда жана Иракта болуп өткөн согуштарды буга мисал катары бүткүл дүйнө беш колдой көрүп турат. Бирок, дат-байрат салган да, үндөбөй демин ичине жутуп тургандар да куткаруучуну ынтызарлык менен күтүп турат.*

Бүткүл адамзат, адамзат акылы менен ойлоп табылган түзүмдөр, социализм, капитализм, демократияны өз турмуштарына колдонгондуктары үчүн ушундай балээлерге, зулум-зомбулуктарга дуушар болууда. Мындай болушу табигый, эмнеге дегенде, мындай болушун алда качан эле Улуу Жаратуучу айтып койгон:

﴿وَمَنۡ أَعۡرَضَ عَن ذِكۡرِي فَإِنَّ لَهُۥ مَعِيشَةٗ ضَنكٗا وَنَحۡشُرُهُۥ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ أَعۡمَىٰ﴾

***- «Ким Менин эскертмемден жүй үйүрсө, анда, албетте, ал үчүн бактысыз жашоо болот жана Биз аны Кыямат күнүндө көр абалда тирилтебиз».* [20:124]**

# Дүйнөнүн куткаруучусу

Бардык зордук зомбулуктан, апаат-балээлерден, адашуу-каталардан кутулуунун жападан-жалгыз жолу – Жаратуучунун түшүргөн мыйзам-түзүмүн толугу менен турмушта колдонуу. Жаратуучунун түшүргөн мыйзам-түзүмү – 23 жыл ичинде улуу Пайгамбары Мухаммад ﷺга түшүргөн Ислам дини. Т.а. турмуштун бардык проблемаларына туура чечим бере турган конституцияга, саясий акыйдага, мамлекеттик башкарууга ээ болгон Ислам дини. БУУнун органдары белгилеп берген, же алардын программлараы негизинде уюшулган медреселерден жетишип чыккан малай, динпуруш аалымдар бурмалап жаткан т.а. саясатка аралашпай турган, мамлекеттен ажыратылган, экономиканы башкарбай турган, кылмыш-жазаларды чечпей турган, жалаң ибадаттар, адеп-ахлак жана үрп-адаттардан турган демократия калыбындагы Ислам – бул Жаратуучу Өз Пайгамбарына түшүргөн Ислам эмес. Аны турмушта колдонуп да болбойт. Ал зулум жана балээлерден куткара да албайт. Тескерисинче, аны Ислам деп түшүнүү өтө коркунучтуу.

Мусулмандар Алла түшүргөн Исламды өз турмуштарына толугу менен колдоно алышса, алар өздөрүн эле эмес, балким, бүткүл дүйнөнү зулматтан, балекет-апааттан албетте куткарат. Ушул жерде табигый бир суроо туулат: Башкаларга карганда көбүрөөк зулум астында болгон, өз мамлекетине ээ болбогон мусулмандар башкалар биякта турсун, өздөрүн кантип куткара алышат?

Жооп: Чындыгында, бүгүнкү күндө эң катуу зулум астында калгандар – мусулмандар. Мунун бирден-бир себеби алар чыныгы Исламды түшүнбөстөн, аны ибадат, адеп-ахлак жана үрп-адат кылып кармап, турмуштун башка тармактарында башка түзүмдөрдү колдонуп, башкаларга

ээрчип кеткендиктери. Мусулмандар башка түзүм-конституциялардан жүз үйрүп, аларды аралаштырбай, Алла түшүргөн Исламды үйрөнүп, аны туура колдонушса, алар албетте өздөрүн да, башкаларды да куткара алышат. Себеби, Исламдын табияты ушундай. Ал караңгылыктарды талкалап, зордук-зомбулукту, куулук-шумдуктарды ыргытып салып, адилеттүүлүк орнотуп, бардык диндердин, түзүмдөрдүн, конституциялардын үстүнөн бүтүндөй үстөм болушу үчүн Улуу Жаратуучу тарабынан түшүрүлгөн жана өз учурунда бүтүндөй үстөм да болгон о.э. эми да үстөм болот. Анткени муну Улуу Жаратуучубуз айтууда:

﴿هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ﴾

***- «Ал** (Алла) **Өз Пайгамбарын хидаят жана акыйкат дин менен – мейли, мушриктер каалашпаса да – бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген Зат».*** **[9:33]**

Бирок, ушул Ислам жакынкы өтмүштө эч ким этибар бербей, убактылуу бир четте калып кетти. Алхамдулилла, 1953-жылы саясий, исламий хизб Хизбут-Тахрир дүйнөгө келди. Ошол күндөн баштап ал «Ислам түзүмү», «Исламда башкаруу түзүмү», «Исламда экономикалык түзүм», «Исламда ижтима түзүмү», «Саясий түшүнүктөр», «Демократия куфр системасы» сыяктуу китептери, «Ал-Ваъй» журналы жана баракчалары аркылуу Исламды Мухаммад ﷺга түшкөнүндөй туура, акыйкат баяндап, бүткүл Үммөттү пикирий-саясий күрөш аркылуу өз Исламын бекем кармоого жана аны өз турмушуна мамлекетте толугу менен колдонууга даъват кылып келүүдө. Анын даъватына жер жүзүнүн бардык мамлекеттериндеги 100 миллиондогон мусулмандар лаббей деп жооп беришти, калгандары жооп берүүдө. Жакынкы күндөрдө ал турмуш майданында өз мамлекетин тикелеп, бардык диндердин, түзүмдөрдүн, конституциялардын үстүнөн жеңишке жетишет.

Коош, бул мамлекет кандай мамлекет болот?

Жооп: Бүгүнкү күндө капырлар тарабынан элүүдөн ашык мамлекетчелерге бөлүп жиберилген Ислам өлкөлөрү бир мамлекетке биригет. Алардын биригүүсү эгемендүү мамлекеттердин союзу сыяктуу болбостон, балким, араларында эч кандай чегара, бажыкана болбогон, бир бүтүн мамлекеттин башчысы – бир Халифанын кол астындагы мамлекет болот. Ал мамлекет бирер бир мамлекетке көз каранды же күнкор болбойт. Ал өзүнүн кудуреттүү, эң өнүккөн аскердик өнөр жайына, оор өнөр жайына, машина куруучулук өнөр жайына, жеңил өнөр жайдын бардык түрлөрүнө, айыл чарбачылыгына ээ болот. Ал дүйнө картасын жаңылайт. Дүйнөнү азыркы залим түзүмдөрдүн саясий, экономикалык, аскердик зулумдарынан, наадандык, куулук-шумдуктардан куткарат. Анда бирер

адамдын же топтун өз кызыкчылыгы үчүн ойлоп чыгарылган мыйзамы колдонулбайт, балким, Алланын мыйзамы бардыгына бирдей колдонулат жана адамдардын акы-укуктарын бардык нерсени жаратып, аларга өзүнө ылайык акы-укук белгилеген Жаратуучу Зат белгилейт. Анда Алладан башканы улуулоо, паракордук, алдап кетүүчүлүк, уурулук, бузукулук, бирөөнүн акысына кол салуу, кумарпоздук, араккечтик сыяктуу илдеттер болбойт. Анда акимдер букараларга (жарандарга) кызмат кылат, байлар кембагал-алсыздарды колдоп-кубаттайт, улуулар кичүүлөрдү ызаттайт, кичүүлөр улууларды урматтайт. Аялдар үйдүн куту катары ардакталат. «Аялдар эркектер менен тең укуктуу» урааны астында аларга турмуштун бардык ташбиштери, жүктөрү жүктөлбөйт. Эркектер аларды коргоочулар болушат. Анда тирүү жетимдер, жетимканалар, таштанды карылар үйү болбойт. Анда адамдардын ташбиши бир тиштем нан табуу эмес, балким, алардын бар кам-ташбиши Алланын ыраазылын табуу болот. Ал мүмкүнчүлүгүнүн болушунча жакшылык кылып калууга умтулушат. Алар бүгүн кардын тойгузууга эч нерсе таба албай жаткан болушса, бул эч нерсе жоктугунан эмес, балким, түзүмдүн бузуктугунан, мал-мүлктүн туура эмес бөлүштүрүлүшүнөн. Негизи, бардык байлык алардын азыркы жерлеринде мол болуп, ал чектен сырткары таланып-тонолууда, калгандары туура эмес бөлүштүрүлүүдө. Ислам Мамлекети болуп, туура түзүм колдонулганда, азыркы сырьё байлыгы ар бир кишинин башына жылына жүз миңдеген долларга тең келет. Ага өнөр жайдын өндүрүшүнөн келе турган байлыкты кошуп эсептеп көрүңүз! Ислам Мамлекетинде адамдар ушунчалык бактылуу, жыргал өмүр сүрүп, күнөөлөрдөн ары болуп, Алланын ыраазылыгына жетишишет жана акыретте бейишке кирүүгө татыктуу болушат. «Ислам – эки дүйнө бактысы» деген сөздүн мазмуну мына ушул. Бул турмуш майданында болушу мүмкүн болбогон кыялдагы арзуу эмес. Ал 13 кылымдан көбүрөөк убакыт ичинде бүткүл адамзатка ушундай бактылуу турмуш тартуулап келген чындык. Ал эми, аны билүү, түшүнүү үчүн анын душмандары берип жаткан маалымат жана бурмалоолорго кулак салбоо керек, алар жазган тарыхты туура деп эсептебеш керек. Эми боло турган Ислам Мамлекетинин мурунку Ислам Мамлекетинен айырмасы – эмдигисинин жогорку даражада бай болушунда. Эмнеге дегенде, үлкөн жер асты байлыктарынан өнүмдүү пайдалануу XX кылымга келип башталды.

Ислам Мамлекетин куруу жана анда жыргал өмүр сүрүү мүшкүл эмес. Анын 80 жылдан көбүрөөк убакытка дүйнө жүзүнөн жок болуп турушунун башкы себеби – ушул убакыттын ичинде мусулмандардын аң-сезиминде анын жок болгондугу. Алхамдулилла, бүгүн анын ар бир деталы мусулмандардын аң-сезиминде толугу менен калыптанып бүттү. Аң-сезимде калыптанган нерсенин турмуш майданында болушу абдан жеңил иш. Бул жашоо мыйзамы. Адамдар өздөрүнүн бардык иштерин оболу аң-сезиминде калыптандырып, кийин жеңил гана турмушка ашырышкан жана ашырышууда. Ислам дини болсо Улуу Жаратуучунун иши. Анын иши ар убак бардык иштерден үстөм. Ал Зат убада кылууда: «Ким Биздин

ишибизди алга сүрсө (динибизге жардам берсе), ага Биз албетте жардам беребиз».

Анын убадасы акыйкат жана бардык нерседен үстөм. Өз иштерин аң-сезиминде калыптандырып алгандан кийин жеңил гана турмушка ашырып жаткан адам Улуу Жаратуучунун ишин акыркы майда деталына чейин аң-сезиминде калыптандыргандан кийин, буга кошумча, Анын Өзү улуу жардамчы тирек болуп тургандан кийин, аны ишке ашыруу кыйынбы? Албетте жок!

Халифалык Мамлекетинин дагы турмушка кайтып келишине күмөндөнүп караган киши эки тайпанын бирине тиешелүү болот:

Биринчиси: мусулманбы, капырбы, мунусуна карабастан, Алланын убадасына жана Анын улуу Пайгамбарынын куттуу хадистерине ишенбей турган наадан киши болот. Анткени, Алла Таала мындай убада берет:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِى ٱلْأَرْضِ كَمَا ٱسْتَخْلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ ٱلَّذِى ٱرْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا﴾

***- «Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдарды кылган заттарга кудум илгери өткөн** (ыйман-этикаттуу)* ***заттарды** (жер жүзүнө)* ***халифа-өкүмдар кылганындай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам)* ***динин үстөм-бекем кылууну о.э. алардын акыбалдарын коош-коркунучтардан кийин тынчтык-бейпилдикке айландырып коюуну убада кылды».*** **[24:55]**

Пайгамбар ﷺ өз хадисинде мындай дейт:

«فقال حُذَيْفَةُ قال رسول الله ﷺ تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكم ما شَاءَ الله ان تَكُونَ ثُم يَرْفَعُها اذا شاءَ ان يَرْفَعَها ثم تَكُونُ خِلافَةُ علي مِنْهاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ ما شاءَ الله ان تَكُون ثم يَرْفَعُها اذا شاءَ الله ان يَرْفَعَها ثم تَكُونُ مُلْكا عاضًّا فيَكُونُ ما شاءَ الله ان يَكُونَ ثم يَرْفَعُها اذا شاءَ ان يَرْفَعَها ثم تَكُونُ مُلْكا جِبْرِيَّةً فتَكُونُ ما شاءَ الله ان تَكُونَ ثم يَرْفَعُها اذا شاءَ ان يَرْفَعَها ثم تَكُونُ خِلافَةً علي مِنْهاجِ النُّبُوَّةِ ثم سَكَتَ»

Хузайфа رضي الله عنه айтты: Пайгамбар ﷺ айтат: **«Пайгамбарлык силердин араңарда Алла болушун каалаганча болот, кийин аны көтөрүүнү каалаган убакта көтөрөт. Соң пайгамбарлык жолунан жүрө турган Халифалык болот. Ал Алла болушун каалаганча болот. Кийин Алла аны көтөрүүнү каалаган убакта көтөрөт. Соң калкка зулум жана катуу колдук кыла турган падышалык болот. Ал Алла болушун каалаганча болот. Кийин аны көтөрүүнү каалаган убакта көтөрөт. Соң катуу каар-зулум кыла турган падышалык болот. Ал Алла болушун каалаганча болот. Кийин Алла аны көтөрүүнү каалаган убакта көтөрөт. Соң пайгамбарлык жолунан жүрө**

**турган Халифалык болот»** деп, Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды (имам Ахмаддын Муснады, 17680-хадис).

Экинчиси: мусулманбы, капырбы, буга карабастан, алар – мамлекетти, коомду түзө турган жана аны буза турган, анын курамдык бөлүктөрүн билбей турган саясий аң-сезими жок үммөттөр, элдердин, диндер жана мамлекеттердин тарыхынан кабарсыз кишилер. Бул тайпадагы кишилер мал-мүлктү, курал-жаракты, мамлекеттин, коомдун курамдык бөлүгү деп ойлошот. Мусулмандар жашап жаткан өлкөлөрдүн мал-мүлктөрүн, курал-жарактарын колонизатор капыр мамлекеттердин мал-мүлктөрүнө, курал-жарактарына салыштырып, мусулмандардыкы жетишсиздигин көрүп, мусулмандар өз мамлекетин кура алышпайт деп наалышат. Коом адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардан түзүлөрүн, мамлекет ушулардын негизинде куруларын, бул төрт нерсе бириксе, мамлекет албетте куруларын, аны эч кандай күч токтото албашын, мамлекеттин курулушуна мал-мүлктүн, курал-жарактын эч бир тиешеси жоктугун, мал-мүлктү көбөйтүү, кубаттуу курал-жаракты иштеп чыгаруу курулган мамлекеттин иши экендигин алар билишпейт. Натыйжада, Алланын аятына, Пайгамбарынын хадистерине ишенбей, өз ыйманына, Исламына зыян жеткиришет. Пайгамбар Мухаммад ﷺ Ислам Мамлекетин эмне менен, кайсы негизге, кандай кургандыгынын тарыхын билбегендиктен, абдан кудуреттүү курал-жаракка ээ болгон СССР мамлекетин эмне талкалап таштаганын түшүнүп жетпегендиктен ар түрдүү жалган-жашыкка берилип, өздөрү катуу адашышат жана аларды таркатуу менен башкаларды да адаштырышат. Ислам Мамлекетин куруу ар бир мусулманга парз экендигин билбей, бул парзды аткарбай катуу күнөөгө батат. Андайлар же чыныгы этикаттуу мусулман эмес, же саясий аң-сезимдүү капыр эмес.

Бүгүн жер жүзүндөгү бардык адамдар дүйнөнүн кайсыл континентинде жашап жаткандыгына карабастан, күнөөлөр, бузукулуктар ириминде жана адилетсиздиктер, жабыр-зулумдар караңгылыгында жашоодо. Кече азиз болгондор да, кор болгондор да, бардыгынын арзуу-үмүттөрү эртеңки күнгө каратылган. Эртеңки күн нурлуу, бактылуу күн. Не дегенде, жарык таңдан бардык нерсе кабар берип турат. Алла убада берүүдө, Пайгамбары баян кылууда. Илимий жаңылыктар, ачылыштар караңгылык пардаларын арты-артынан жыртып баруууда. Жалгандар, жалаалар акыйкат алдында сынууда. Адамдар адамга таандык адилеттүү жыргал турмушту тартуулай турган түзүмдөрдү, мыйзамдарды чыгарууга алсыз экендиктерин моюнга алууда. Бүгүнкүнү каптаган зулмат булуттары саат сайын таркап барууда.

Билип койгула, курсант болгула!

Жарык таң жакын, иншаллох!